ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги XV (он бешинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 06-февралы №73/ XV -29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата райондук ички иштер бөлүмүнө (РИИБ) 0,04 га жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексине, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу максатында, Ысык-Ата РИИБнин 2026-жылдын 22-январындагы №22-8/477 кайрылуусун карап, талкуулап чыгып, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Ысык-Ата райондук ички иштер бөлүмүнө (РИИБ) кызматтык муктаждыктар үчүн, Ысык-Ата айыл аймагына караштуу Алмалуу айылында жайгашкан №434 контурунан 0,04 га жер тилкеси белгиленген тартипте бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнүп берилген жер тилкесинин максаттуу пайдаланылышы – кызматтык обьект куруу деп белгиленсин.
3. Тиешелүү жер тилкесине жайгаштыруу, документтерин даярдоо жана каттоо иштерин жүргүзүү Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай боюнча адисине тапшырылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Ата айылдык Кеңешинин жер жана агрардык иштер боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

**Төрага** **Н.Ибраимов**